УДК: 130.2: 37.01(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/1-132-139

**Закиров У.А.**
философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
uluubek78@gmail.com

## ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ атындагы КМУнин МУРАСЫ КОНТЕКСТИНДЕ ПЕДАГОГИКАНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ИЛИМ ФИЛОСОФИЯСЫ

**Аннотация:** Бул макалада Кыргызстандагы педагогиканын башаттары жана анын илим философиясынын контекстиндеги өнүгүүсү талданат. Өзгөчө көңүл улуттук билим берүү тутумунун негиздөөчүсү жана агартуучу Ишеналы Арабаевдин мурасына бурулат. Ал гуманитардык билимдин жана педагогикалык ой жүгүртүүнүн калыптанышына зор салым кошкон. Кыргызстанда жогорку билим берүү системасынын тарыхый-педагогикалык шарттары, илим менен педагогиканын философиялык негиздери жана глобалдашуу шартында улуттук салттарды сактоодогу И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ролу көрсөтүлөт. Философиялык жана педагогикалык ыкмаларды интеграциялоо кыргыз илимин жана билим берүүсүн эл аралык билим берүү мейкиндигине кошууга өбөлгө түзөт. Арабаевдин эне тилдин ролу, элдик маданияттын мааниси жана салт менен илимди айкалыштыруу жөнүндөгү идеялары кыргыз педагогикасынын өзгөчө келбетін аныктаган. Университет бүгүн адистерди даярдоонун жана гуманитардык изилдөөлөрдүн борбору катары улуттук мурастын сактоочусу жана эл аралык билим берүү процессинин маанилүү катышуучусу болуп саналат. Глобалдашуу жана санариптик өзгөрүүлөр шартында илим философиясы менен педагогика билим берүү моделдерин гана эмес, инсандын дүйнө таанымдык багыттарын да калыптандырат. Тарыхый-педагогикалык салттар менен философиялык ыкмалардын айкалышы келечектеги прогресске жол ачат.

**Негизги сөздөр:** Педагогика, илим философиясы, Ишеналы Арабаев, билим берүүнүн тарыхы, гуманитардык илимдер, педагогика философиясы, эл аралык билим берүү, глобалдашуу, методология, эпистемология, жогорку билим, улуттук мурас.

**Закиров У.А.**
кандидат философских наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
uluubek78@gmail.com

## ИСТОРИЯ ПЕДАГОГИКИ И ФИЛОСОФИЯ НАУКИ В СВЕТЕ НАСЛЕДИЯ КГУ имени ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВА

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются истоки педагогики в Кыргызстане и её развитие в контексте философии науки. Особое внимание уделяется наследию Ишеналы Арабаева — основателя национальной системы образования и просветителя, внесшего значительный вклад в формирование гуманитарного знания и педагогической мысли.

Показаны историко-педагогические предпосылки становления системы высшего образования в Кыргызстане, философские основы науки и педагогики, а также роль Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева в сохранении и развитии национальных традиций в условиях глобализации. Отмечается, что интеграция философских и педагогических подходов способствует включению кыргызской науки и образования в международное образовательное пространство. Идеи Арабаева о роли родного языка, значении народной культуры и необходимости соединения традиций с современными научными знаниями определили уникальный облик кыргызской педагогики. Университет сегодня выступает как центр подготовки специалистов и гуманитарных исследований, являясь хранителем национального наследия и важным участником международного образовательного процесса. В условиях глобализации и цифровых трансформаций философия науки и педагогика обретают новые смыслы: они формируют не только образовательные модели, но и мировоззренческие ориентиры личности. Сочетание историко-педагогических традиций с философско-научными подходами открывает широкие перспективы для будущего прогресса.

**Ключевые слова:** Педагогика, философия науки, Ишеналы Арабаев, история образования, гуманитарные науки, философия педагогики, международное образование, глобализация, методология, эпистемология, высшее образование, национальное наследие.

**Zakirov U.A.**
candidate of philosophical sciences (PhD), acting associate professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
uluubek78@gmail.com

## HISTORY OF PEDAGOGY AND PHILOSOPHY OF SCIENCE IN THE CONTEXT OF THE LEGACY OF KYRGYZ STATE UNIVERSITY named after I. ARABAEV

**Abstract:** This article examines the origins of pedagogy in Kyrgyzstan and its development in the context of the philosophy of science. Special attention is devoted to the legacy of Ishenaly Arabaev, the founder of the national education system and an enlightener who made a significant contribution to the formation of humanitarian knowledge and pedagogical thought. The historical and pedagogical prerequisites for the establishment of the higher education system in Kyrgyzstan, the philosophical foundations of science and pedagogy, as well as the role of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev in preserving and developing national traditions under conditions of globalization are highlighted. It is emphasized that the integration of philosophical and pedagogical approaches contributes to the inclusion of Kyrgyz science and education in the international educational space. Arabaev's ideas about the role of the native language, the importance of folk culture, and the need to combine traditions with modern scientific knowledge defined the unique character of Kyrgyz pedagogy. Today, the university serves as a center for training specialists and conducting humanitarian research, acting both as a custodian of national heritage and as an important participant in the international educational process. In the context of globalization and digital transformations, the philosophy of science and pedagogy acquire new meanings: they shape not only educational models but also the worldview orientations of the

individual. The combination of historical and pedagogical traditions with philosophical and scientific approaches opens broad prospects for future progress.

**Keywords:** Pedagogy, philosophy of science, Ishenaly Arabaev, history of education, humanities, philosophy of pedagogy, international education, globalization, methodology, epistemology, higher education, national heritage.

Билим берүү ар дайым философия менен илимдин негизинде өнүгүп келген. Философиялык-илимий мамиле билим берүүнү жөн гана билим жана көндүмдөрдү берүүчү механизм катары эмес, инсанды калыптандыруучу, анын дүйнө таанымын, моралдык баалуулуктарын жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү процесс катары түшүндүрөт.

Илим философиясы билим берүү процессине методологиялык негиз берип, ”билим деген эмне?”, ”аны кандайча ишенимдүү кылып берүүгө болот?”, ”илимий чындык менен тарбиялык максат кантип айкалышат?”,– деген суроолорго жооп издейт. Мындай мамиле билим берүүдө илимий далилдүүлүк менен гуманисттик принциптердин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылат.

Ишеналы Арабаевдин көз караштарында да билим берүү эки багытты айкалыштырган: бир жагынан ал илимий негиздүүлүктү жана жаңы ыкмаларды талап кылса, экинчи жагынан адамдын инсандык сапаттарын, тил жана маданият аркылуу улуттук руханий дүйнөсүн сактап калууга басым жасаган. Демек, Арабаевдин мурасы бүгүнкү күндөгү философиялык-илимий билим берүү моделине толук үндөшүп турат. “И.Арабаев кыргыз алиппесинин негиздөөчүсү катары аты тарыхта калгандыгы белгилүү. Тактап айтканда, 1924-жылы И.Арабаев жеке өзү реформалаган араб алфавитинде ошол кездеги орус мектебинин тажрыйбасына таянып, кыргыздын биринчи алиппесин жазган”[1]. Негизделиш доору (1932–1945-жылдар),– Совет мезгилинде Кыргызстанда жогорку билим берүү системасын түзүү зарылчылыгы курч турган. Алгачкы мугалимдерди даярдоочу Педагогикалык институттун ачылышы — өлкөдө улуттук кадрлардын калыптанышынын башаты болду. Институттун алгачкы факультеттери — педагогика жана адабият — ошол доордун билим берүү муктаждыктарына түздөн-түз жооп берген.

Биринчи мугалимдер муундары өлкөнүн аймактарында мектептерди ачып, билимди жайылтуу ишине чоң салым кошту. Бул мезгилде институт улуттук мугалимдерди гана эмес, коомдук жана маданий ишмерлерди да даярдай баштаган.

1941-жылы башталган Улуу Ата Мекендик согуш Кыргызстандын билим берүү тармагына да чоң таасирин тийгизген. Педагогикалык институттун көптөгөн окутуучулары жана студенттери фронтко аттанып, билим берүү иши кыйла татаалдашкан. Институтта кадр жетишсиздиги курч сезилип, айрым сабактарды башка жогорку окуу жайлардан келген адистер убактылуу окутууга мажбур болушкан. Ошого карабастан, институт өз ишин улантып, согуш жылдарында да студенттерди даярдоону токтоткон эмес. Бул мезгилде негизги багыт мугалимдерди тез даярдап чыгаруу болгон, анткени мектептерге кадрлар жетишпей турган.

Согуштан кийинки калыбына келтирүү (1945–1950) маселелери коюлган. 1945-жылы согуш аяктагандан кийин институт өзүнүн инфраструктурасын, кадрдык курамын жана окуу программаларын калыбына келтирүүгө киришкен. китепкананын фондусу кеңейип, кыргыз тилиндеги окуу-методикалык материалдар даярдала баштаган.

1946–1947-жылдары институтта жаш илимий кадрларды даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүп, алгачкы илимий изилдөөлөр педагогиканын теориясы жана улуттук билим берүү маселелерине арналган.

1940–1950-жылдарда институт билим берүү менен гана чектелбестен, республикадагы маданий турмушка да активдүү катышкан. Студенттер театр коюп, адабий ийримдерди уюштурушкан, ал эми окутуучулар кыргыз мектептеринин окуу программаларын түзүүгө көмөктөшкөн. Бул мезгил институттун улуттук интеллигенцияны калыптандыруудагы жана билим берүү тутумун чыңдоодогу ролун арттырган.

1940–1950-жылдар Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту үчүн татаал, бирок өсүү мезгили болду. Согуш жылдарындагы кыйынчылыктардан кийин институт кайрадан жанданып, жаңы кадрлар менен толукталып, республикадагы билим берүү системасынын борбордук ошагы катары өз ордун бекемдеди.

**1945-жыл**, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхында өзгөчө жыл. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин институт кайрадан калыбына келе баштаган. Студенттердин саны өсүп, мугалимдер жетишпегендиктен, жаңы адистерди даярдоо өзгөчө маанилүү болуп калган.

1945-жылы **Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун негизги** милдети өлкөнүн бардык аймактарына мугалимдерди жөнөтүү болуп, айрыкча тарых, тил-адабият, математика жана жаратылыш таануу багыттары жандана баштаган. Ошол эле мезгилде илимий иштер да башталып, Кыргызстанда билим берүүнүн өнүгүүсүнө арналган алгачкы эмгектер жазылган. Кыргызстандын билим берүү системасынын өнүгүшү өлкөнүн улуттук аң-сезиминин калыптанышы жана мамлекеттик институттардын чыңдалышы менен тыгыз байланышта. Бул тарыхта 1932-жылы негизделген Педагогикалык институт — бүгүнкү И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети — өзгөчө орунду ээлейт. Университеттин тарыхы — бул мугалимдерди даярдоо тарыхы гана эмес, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын да чагылышы. “И. Арабаев кыргыз-казак балдары үчүн ”Алиппе жáки төтө окуу” аттуу алгачкы окуу китебин жазган. Аны ал Сарсакеев менен биргеликте жазып, Уфадагы «Шарк» басмасынан чыгарышкан. Арабаевдин жетекчилиги астындагы илимий комиссия кыргыз тилинин алфавитин түзүп, башталгыч класстардын окуучулары үчүн алфавит, окуу-методикалык колдонмолор, мугалимдер үчүн методикалык сунуштарды даярдап, кыргыз терминологиясынын маселелерин изилдешкен. Кара-Кыргыз автоном облусу түзүлгөндө, 1924-жылы ал облустук революциялык комитеттин мүчөсү болуп шайланып, илимий комиссиянын төрагасы болгон. Ошондой эле ал “Эркин-Тоо” газетасынын редакциялык коллегиясынын мүчөсү болгон. Ошол эле жылы ал араб графикасынын негизинде алгачкы кыргыз алфавитин түзүп, “Кыргыз алфавити” эмгегин жазган. Ал кыргыз тилиндеги грамматика жана жаратылыш таануу боюнча алгачкы окуу китебин да түзгөн” [2].

Кеңейүү жана согуштан кийинки жылдарды (1940–1960-жылдар) өзүнө камтып турат. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында институттун иши кыйналып, көптөгөн окутуучулар фронтко кеткен. Бирок согуштан кийинки мезгилде институт тез арада кайра жанданып, жаңы факультеттер ачылды. Тарых, математика, жаратылыш таануу факультеттери пайда болуп, илимий изилдөөлөргө көңүл бурула баштаган мезгилдери болот.

1950-жылдары студенттердин саны кескин көбөйдү. Бул мезгилде кыргыз тилинде окуу китептерин түзүү, кыргыз адабиятынын классикалык мурастарын иликтөө жана педагогикалык методикаларды иштеп чыгуу күчөгөн.

Бул мезгилде институт Кыргызстандагы эң ири жогорку педагогикалык борборго айланды. Маданият жана искусство, философия, психология сыяктуу гуманитардык багыттар кеңири өнүккөн.

Илимий изилдөөлөр кеңейип, окутуучулардын илимий даражасы жогорулады. Профессордук-окутуучулук курам СССРдин алдыңкы окуу жайлары менен тыгыз кызматташкан. Кыргызстандын алгачкы илимий мектептери — педагогика, тарых, тил илимдеринде ушул институттун базасында пайда болду.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин жогорку билим берүү системасы жаңы реформаларга муктаж болду. 1992-жылы Педагогикалык институттун негизинде Кыргыз мамлекеттик университети түзүлүп, ага Ишеналы Арабаевдин ысымы ыйгарылды.

1945-жылы Фрунзе шаарында (азыркы Бишкек) 1945-жылдын 19-январындагы № 11 сан приказдын негизинде жана Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин 1949-жылдын 15-декабрындагы № 825 токтому менен Кыргыз кыздар педагогикалык окуу жайы негизделген.

1950-жылдан тартып ал Мугалимдер институту, ал эми 1952-жылдан баштап В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыздар педагогикалык институту болуп өзгөртүлгөн.

1972-жылга карата институтта 3,7 миң студент кыздар окуп, болжол менен 200 гө жакын окутуучу эмгектенген. Институттун курамында 7 факультет иштеген: физика-математика, биология, филология, чет тилдер, музыка, педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы, мектепке чейинки педагогика жана психология. Ошондой эле сырттан окуу бөлүмү, 19 кафедра, 11 окуу лабораториясы жана болжол менен 250 миң сактоо бирдигинен турган китепканасы болгон.

1992-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 23-июндагы жарлыгы менен институт И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту болуп кайра түзүлгөн. 1994-жылы ал И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетке айланган. Акырында, 2005-жылдын 3-майындагы № 3/160 сан Убактылуу Президенттин жарлыгы менен анын базасында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети түзүлгөн [3].

Ишеналы Арабаев — кыргыз элинин көрүнүктүү агартуучусу, коомдук ишмери жана улуттук билим берүү системасынын негиздөөчүсү. Университеттин ага ысым алышы улуттук өзгөчөлүктү жана мурасты урматтоонун символу болду.

Совет мезгилинде Кыргызстанда жогорку билим берүү системасын түзүү зарылчылыгы курч турган. Фрунзе шаарында Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институт негизделип, ал өлкөдөгү алгачкы жогорку окуу жай болуп калган. Институттун алгачкы факультеттери — педагогика жана адабият — ошол доордун билим берүү муктаждыктарына жооп берген.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий-философиялык жана педагогикалык ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасындагы гуманитардык жана педагогикалык билимдин алдыңкы борборлорунун бири болуп саналат. Анын ишмердүүлүгү философиялык идеялардын, илимий изденүүнүн жана педагогикалык практиканын синтезине негизделген. Бул жагдай университетти өлкөнүн жогорку билим берүү системасында уникалдуу орунга ээ кылат. "И. Арабаев жүз жыл мурун агартуучу катары өлкөдөгү туташ билим берүүнүн келечегин аныктап, пайдубалын түптөгөн. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын коомчулугуна Ишенаалы Арабаев белгилүү саясий жана коомдук ишмер, окумуштуу–агартуучу жана педагог катары, кыргыз тилинде басылган алгачкы окуу китептеринин автору,

эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу араб арибине реформа жүргүзүүчү, “Эркин-Тоо” газетасынын активдүү уюштуруучусу, элдик 2022, N4 Кубанова Н.А. 223 адабияттарды чогултуучу, өлкөнүн илимий изилдөө иштеринин негиздөөчүүсү катары кеңири белгилүү. Бирок көрүнүктүү агартуучу-педагогдун өмүр баяны, ишмердүүлүгү, анын кийинки урпактарга калтырган мурастары көпчүлүккө дагы да болсо белгисиз” [4].

Университеттин философиялык-илимий аспекти: философиялык салты сынчыл ой жүгүртүүгө, тармак аралык мамилелерге жана улуттук баалуулуктарды глобалдык илимий дискурс менен айкалыштырууга болгон басым аркылуу көрүнөт.

Ишеналы Арабаев атындагы университет,– бул жөн гана билим берүүнүн куралы эмес, ал дүйнө таанымдын, маданияттын жана руханий багыттардын калыптанышы экендиги жөнүндөгү идеяларын улантып келет. Ушул контекстте илим философиясы методологиялык негиз катары кызмат өтөп, педагогиканын, гуманитардык изилдөөлөрдүн жана билим берүү жаатындагы инновациялардын өнүгүү багыттарын аныктайт.

Университеттин илимий-педагогикалык иши кеңири багыттарды камтыйт: мугалимдерди, изилдөөчүлөрдү, искусство жана дизайн тармагындагы адистерди, филологдорду, тарыхчыларды жана философторду даярдоо. Университеттин педагогикалык модели инсанга багытталган ыкмаларга, маданий мурастын уланмалуулугуна жана инновациялык технологияларды интеграциялоого негизделет. Өзгөчө көңүл окутуунун методологиясына, педагогикалык изилдөөлөрдү уюштурууга жана университеттин тарбиялык миссиясына бурулат.

Илимий изилдөөлөр жана басылмалар боюнча, – И. Арабаев атындагы КМУ илимий-изилдөө ишин активдүү өнүктүрүп келет, эл аралык жана республикалык конференцияларды уюштурат, адистештирилген басылмаларда эмгектерди чыгарат. ”И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы” философиянын, педагогиканын, психологиянын, маданият таануунун жана искусствонун актуалдуу маселелери ж.б илимий предметтик нуктардагы талкуулоочу аянтча болуп саналат. Университет жаш изилдөөчүлөрдүн илимий чыгармачылыгын колдоп, гуманитардык жана социалдык илимдердин жаңы багыттарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Университеттин философиялык-педагогикалык миссиясынын маанилүү бөлүгү — аны эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоо. Академиялык мобилдүүлүк аркылуу, Erasmus+ программаларынын алкагында, Россиянын, Түркиянын, Казакстандын, Түштүк Кореянын жана башка өлкөлөрдүн ЖОЖдору менен биргелешкен долбоорлор аркылуу университет маданий диалогдун жана илимий алмашуунун идеяларын ишке ашырып келет.

Ошентип, И. Арабаев атындагы КМУнун илимий-философиялык жана педагогикалык ишмердүүлүгү улуттук мурастын жана заманбап билим берүү стратегияларынын органикалык айкалышын чагылдырат. Университет салттардын сактоочусу гана эмес, ошол эле учурда кыргыз илими менен педагогикасын глобалдык академиялык контекстке алып чыгууда ортомчу ролду да аткарууда.

Билим берүү — бул коомдун руханий жана интеллектуалдык дүйнөсүн калыптандыруучу негизги институт. Ал өзүнүн мазмунунда бир гана илимий-методикалык милдетти эмес, философиялык баалуулуктарды да камтыйт. Философиялык баалуулуктар билим берүүнү жалпы адамзаттык руханий дөөлөттөр менен байланыштырган көпүрө болуп эсептелет. “Билим берүү жөнүндө ой жүгүртүп, талкуу жүргүзгөндө анын иштөөсү жана өнүгүүсү тууралуу айтпай коюу мүмкүн эмес. Анын маңызы, коомдогу орду жана ролу жөнүндө сөз кылуу — бул билим берүүнүн философиялык өлчөмүн жана анын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүү болуп эсептелет.

Философиялык — жалпы теориялык жана практикалык — планда билим берүүнүн болмушунун мыйзамченемдүүлүктөрүн жана анын өнүгүшүн түшүнүү өтө маанилүү. Албетте, бул багытта белгилеп, тизмектеп чыгууга боло турган көп нерселер бар, бирок алардын баарын философиялык билим берүүнүн изилдөө чөйрөсүнө дароо киргизүү оңой эмес. Ошондуктан көңүлдү билим берүүнүн маңызына жана өнүгүшүнө байланышкан негизги суроолорго буруу зарыл, анткени алар билим берүүнүн философиясынын маанилүү чегин белгилейт" [5]. И.Арабаев атындагы КМУнин бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн инновациялык методикалык багыттагы алгылыктуу негизги талаптары:

1. **Адамдын кымбаттуулугу жана инсандык толуктугу,–бул** билим берүү философиясында ар бир адам өзүнчө баалуулук катары кароо. Ар бир инсандын өзүнүн потенциалын ачып, инсандык эркиндигин ишке ашыруусуна умтулуусуна мотивация берүү.
2. **Эркиндик жана жоопкерчилик аркылуу** философиялык көз караште билим алуу — бул инсанды эркиндикке жеткирүүчү жолду сактоо менен эркиндик жоопкерчилик менен айкалышканда гана коомдук мааниге ээ болуусун камсыздоо.
3. **Акыйкаттык жана теңдик менен** билим берүү философиялык жактан адилеттүүлүккө негизделүүгө тийиш. Ар бир адам билим алууга жана өз мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга бирдей укукка ээ болуу.
4. **Маданий мураска таянуу менен бирге эле** философиялык баалуулуктардын бири — билим берүүнүн улуттук маданият менен байланышы. Өз элинин тилин, салтын жана руханий дөөлөттөрүн билген инсан глобалдык дүйнөдө да бекем орун таба алуу.
5. **Илимий чындыкка умтулуу аркылуу** билим берүү философиялык жактан илимий дүйнө таанымга негиздөө. Бул илимий негиз адамды сынчыл ой жүгүртүүгө, суроо берүүгө жана чындыкты издөөгө үйрөтүү.

"Адамзат ички биримдигин сактап калуу үчүн мурдагыдан да көбүрөөк маданияттын жана анын тарыхынын маанисин жогорулатууга муктаж. Жаңыланып бара жаткан кырдаал мурда белгисиз болгон маданияттардын көп түрдүүлүгүн жаратты. Мындай шартта сөзсүз түрдө кайчы тараптардын ортосунда аракеттене алган, бир тараптын оюн угуп, аны экинчи тарапка ылайыктуу түрдө жеткире алган толеранттуу жараштыруучулар жана ортомчулар талап кылынат. Маданият башка адамдар үчүн маанилүү болгон нормативдик түшүндүрмөлөрдү берет. Албетте, мындай ортомчулар социалдык чөйрөнүн жана билим берүү тармагынын өкүлдөрү болушу табигый көрүнүш. Балким, адамзат тарыхында эч качан мугалим-педагог-тарбиячынын (жөн гана предметчи эмес) мойнуна бүгүнкүдөй оор жоопкерчилик жүктөлгөн эмес. Ошондуктан билим берүүнүн жана тарбиянын негизги максатынын парадигмасы түп-тамырынан өзгөрүүдө: ал эми мындан ары белгилүү бир типтеги инсан эмес, көп өлчөмдүү жашоо мүнөзүнө ээ адам болуп калды. Адам ар дайым жөн гана чебер же адис (ал тургай таланттуу жана чыгармачыл адис) болуудан алда канча кеңири. Адамдын ичинде илимге жана ишмердүүлүккө жеткиликтүү акыл-эстүү жагы да, сезимталдыкка, аң-сезимсиздикке, балким, анализге оңой баш ийбеген трансценденттик жактары да камтылган. Бул болмуштук аспектилерсиз адам сөздүн толук маанисинде адам боло албайт.

Демек, адамдын жашоо-болмушун калыптандыруунун аталган аспектилерин четке кагуу — «сүйлөгөн акылдуу куралдарды» гана талап кылган, бирок чыныгы инсандарды каалабаган коомго гана мүнөздүү.

Ошондуктан бүгүнкү маселе — кандай жолдор, кандай ыкмалар жана кандай пропорциялар аркылуу гуманисттик башаттарды жалпы билимдин жана XXI кылымдагы билим берүүнүн

бардык түрлөрүнө, өзгөчө педагогикалык билимге кайтарып киргизүү зарыл экендигинде турат. Бул шартта маданий компетенттүүлүктүн маанисин баалап бүтүрүү мүмкүн эмес” [6].

Философиялык баалуулуктар билим берүүнү «тек гана билим берүүчү» системадан «инсанды жана коомду өнүктүрүүчү» күчкө айлантат. Мына ушул идея Ишеналы Арабаевдин мурасында да өзгөчө орунду ээлейт: ал билим берүүнү элдин руханий өнүгүүсү, тил менен маданияттын сакталуусу жана жаңы муундун ой жүгүртүүсүнүн калыптанышы катары түшүнгөн.”Учурда интернет искусствосунун күчү ушунчалык чоң болгондуктан, ал эки карама-каршы багыттагы таасирге ээ. Бир жагынан ал — зор маалымат булагы, дүйнөдөгү көптөгөн ири басмаканалар, изилдөө институттары бирдиктүү толук тексттүү маалымат базаларына бириктирилген; улуттук электрондук китепканалар, дүйнөлүк музейлердин виртуалдык залдары, улуттук искусствонун көргөзмөлөрү, дүйнөлүк деңгээлдеги музыкалык жана көркөм премьералардын онлайн трансляциялары жана коом үчүн пайдалуу башка көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар. Бул мүмкүнчүлүк мейкиндикти жана убакытты жеңүүгө өбөлгө түзүп, ошол эле учурда маанилүү экономикалык аспект да өз ролун ойнойт.

Көркөм сүрөт искусствосунун өзгөчө белгиси — кубулуштар жана көрүнүштөр так сүрөт аркылуу гана туюндурулат. Көркөм тарбиянын негизги концепциясы — искусство жана анын ар түрдүү категориялары аркылуу адамдын аң-сезимине жана психикасына таасир этүү, аны бири-бирине гумандуу мамилеге чакыруу, улууга урмат, кичүүгө ызаат сезимин сиңирүү, адамдардын жүрөгүн сулуулукка толтуруу”[7, 262 б]. Бүгүнкү күндө И.Арабаев атындагы КМУ өзүнүн “И.Арабаев атындагы университетине 80-жыл маарекеси” даярданууда. Окуу жайга чоң чоң ийгиликтерди каалоо м.н бирге билим берүүдөгү жана илимий нуктардагы жаңы жетишкендиктердин боло берүүсүнө тилектешмин.

**Колдлонулган булактар**

1. **Мусаева В. И., Шакирова А. Б.** Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2019. – № 1. – С. 102–107.
2. **Тобакалов Ч. Б.** Состояние образования в Кыргызстане в конце XIX – начале XX века // Бюллетень науки и практики. – 2024. – Т. 10. – № 6. – С. 703–709. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/sostoyanie-obrazovaniya-v-kyrgyzstane-v-kontse-xix-nachale-xx-veka (дата обращения: 12.09.2025).
3. **Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева** // Википедия. – URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/Кыргызский_государственный_университет_им._И.Арабаева (дата обращения: 12.09.2025).
4. **Кубанова Н. А.** Ишеналы Арабаев – первый учёный Кыргызстана, определивший будущее образования // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2022. – № 4-2. – С. 221–223.
5. **Грехнёв В. С.** Философия образования. – Москва: МГУ им. М. В. Ломоносова, 2016. – 122 с.
6. **Бенин В. Л.** Педагогическая культура толерантности: монографический сборник статей. – Уфа, 2012. – 171 с.
7. **Закиров У. А.** Сущность эстетического, культурно-образовательного и философско-искусствоведческого мышления // Молодёжный научный вестник. – 2017. – № 2(14). – С. 262–269. – eISSN 2500-3356. – EDN: XXBDLX.

**Рецензент: философия илимдеринин кандидаты, доцент Субанбекова М.Ш.**